УДК 378.147
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-272-279

Тыныстанова Н.А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Тыныстанова Н.А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Tynystanova N.A.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0009-0008-9037-7835

КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУ МЕТОДИКАСЫНДАГЫ ГУМАНИТАРДЫК ПАРАДИГМАНЫН ЭВОЛЮЦИЯСЫ: ПРОФЕССОР Ж. ЧЫМАНОВДУН ИЛИМИЙ МЕКТЕБИНИН САЛЫМЫ
ЭВОЛЮЦИЯ ГУМАНИТАРНОЙ ПАРАДИГМЫ В МЕТОДИКЕ ПРЕПОДАВАНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА: ВКЛАД НАУЧНОЙ ШКОЛЫ ПРОФЕССОРА Ж. ЧЫМАНОВА
THE EVOLUTION OF THE HUMANITARIAN PARADIGM IN KYRGYZ LANGUAGE TEACHING METHODOLOGY: THE CONTRIBUTION OF PROFESSOR ZH. CHYMANOV'S SCIENTIFIC SCHOOL

Кыскача мүнөздөмө: Макалада кыргыз тилин окутуу методикасындагы гуманитардык парадигманын эволюциясы жана анын калыптанышына профессор Жеңишбек Арыпович Чымановдун илимий мектебинин салымы талданат. Изилдөөнүн жүрүшүндө парадигма, гуманитардык парадигма, илимий мектеп түшүнүктөрүнө теориялык аныктама берилип, гуманитардык парадигма пайда болгонго чейинки грамматикалык-котормолук жана структуралык багыттардын ролуна салыштырма талдоо жүргүзүлөт. Гуманитардык парадигманын негизги принциптери — инсанга багытталган окутуу, кептик баарлашуу жана компетенттүүлүккө негизделген билим берүү — терең каралып чыгат. Макалада профессор Ж. Чымановдун методикадагы негизги идеялары жана текст менен иштөө, кептик баарлашуу жана компетенттүүлүк концепцияларын окутуу процессине интеграциялоосу баяндалат. Ошондой эле бул идеялардын азыркы окуу программаларында, окуу китептеринде жана инновациялык методикалык практикаларда кандайча чагылдырылып жаткандыгы талдоо аркылуу көрсөтүлөт. Изилдөө профессор Ж. Чымановдун идеяларынын актуалдуулугун, гуманитардык парадигманын кыргыз тилин окутуудагы маанисин жана методикалык көйгөйлөрдү чечүүдөгү ордун көрсөтөт.

Аннотация: В статье анализируется эволюция гуманитарной парадигмы в методике преподавания кыргызского языка и вклад научной школы профессора Жеңишбека Арыповича Чыманова в её становление. В ходе исследования даются теоретические определения понятий «парадигма», «гуманитарная парадигма», «научная школа», а также проводится сравнительный анализ роли грамматико-переводного и структурного направлений в преподавании кыргызского языка до появления гуманитарной парадигмы. Подробно рассматриваются основные принципы гуманитарной парадигмы: личностно-ориентированное обучение, речевая коммуникация и компетентностно-ориентированное образование. Описываются ключевые методические идеи Ж. Чыманова и интеграция концепций работы с текстом, речевой коммуникации и компетентности в учебный процесс. Посредством анализа также показано, как эти идеи отражаются в современных учебных программах, учебниках и инновационной методической практике. Исследование демонстрирует актуальность идей профессора Ж. Чыманова, значение гуманитарной парадигмы в преподавании кыргызского языка и её роль в решении методических проблем.

Abstract: The article examines the evolution of the humanitarian paradigm in Kyrgyz language teaching methodology and the contribution of Professor Jeńişbek Arypovich Chymanov’s scientific school to its development. The study provides theoretical definitions of the concepts of paradigm, humanitarian paradigm, and scientific school and presents a comparative analysis of the role of grammar-translation and structural

approaches in Kyrgyz language teaching prior to the emergence of the humanitarian paradigm. The main principles of the humanitarian paradigm — person-centered learning, speech communication, and competence-based education — are examined in detail. The article presents Professor Chymanov's key methodological ideas and the integration of the concepts of text-based learning, speech communication, and competence into the teaching process. The analysis also shows how these ideas are reflected in modern curricula, textbooks, and innovative methodological practices. The study demonstrates the relevance of Professor Chymanov's ideas, the significance of the humanitarian paradigm in Kyrgyz language teaching, and its role in addressing methodological challenges.

Негизги сөздөр: гуманитардык парадигма; кыргыз тилин окутуу; парадигма; илимий мектеп; текст менен иштөө; кептик баарлашуу; компетенттүүлүк; профессор Ж. Чыманов.

Ключевые слова: гуманитарная парадигма; преподавание кыргызского языка; парадигма; научная школа; работа с текстом; речевая коммуникация; компетентность; профессор Ж. Чыманов.

Keywords: humanitarian paradigm; Kyrgyz language teaching; paradigm; scientific school; **text work**; speech communication; competence; Professor Zh. Chymanov.

XXI кылымдагы билим берүү мейкиндиги терең өзгөрүүлөргө дуушар болуп, тил окутуунун классикалык формалдуу моделдери заманбап талаптарга толук жооп бербей калгандыгы байкалууда. Кыргыз тилин окутуу методикасында да ушундай процесс жүрүп, ар кыл баскычтардан өткөн методикалык багыттардын ичинен акыркы он жылдыкта гуманитардык парадигма өзгөчө актуалдуулукка ээ болду. Бул парадигманын түпкү маңызы — тилди инсанды өнүктүрүүчү социалдык-психологиялык жана маданий феномен катары карап, окутууну адамды борборго койгон мамилеге негиздөө. Кыргыз билим берүү тутумунда мындай мамиленин илимий жактан негизделишине жана методикада калыптанышына салым кошкон көрүнүктүү илимпоздордун бири — профессор Жеңишбек Арыпович Чыманов. Анын жетекчилиги астында түзүлгөн илимий мектеп азыркы кыргыз тилин окутуу методикасында маанилүү педагогикалык багыт катары калыптанды.

Изилдөөнүн актуалдуулугу тил окутуунун мазмунун жаңылоого болгон муктаждык менен байланышкан. Кыргызстанда санариптештирүү, компетенттүүлүккө негизделген жаңы стандарттардын киргизилиши, мультимедиалык ресурстардын кеңири колдонулушу тил окутууну жаңычыл ыкмада уюштурууну талап кылууда. Ошол эле учурда кыргыз тилин окутууда грамматикалык-котормолук, структуралык жана формалдык усулдардын изи сакталып, текст адамдын турмуштук тажрыйбасынан бөлүнгөн инструменталдык деңгээлде каралган учурлар да кездешет. Мындай шартта тилдин жандуу, социалдык-функционалдык мүнөзүн ачып, студентти реалдуу кептик кырдаалда өз оюн так жана маданияттуу билдирүүгө үйрөтүү — заманбап билим берүү системасынын негизги талаптарынын бири. Ушуга байланыштуу кыргыз тилин окутуунун теориялык жана методологиялык негиздерин жаңылоо зарылдыгы келип чыгат. Окутуунун методдору боюнча илимий изилдөө иштери дайыма жана системалуу жүргүзүлүп келе жатса да, кыргыз тилин окутуунун методикасында бул маселе өзүнчө иликтөө иштеринин объектисине алынбай калгандыгын профессор Ж. А. Чыманов баса белгилейт [7]. Демек, учурдагы изилдөөнүн актуалдуулугу дал ушул илимий боштукту толуктоого багытталган.

Ушуга байланыштуу «гуманитардык парадигма» түшүнүгүн тил окутуу методикасында колдонуу жана анын теориялык-методологиялык негиздерин тактоо зарылдыгы жаралат. Бул багытты түшүндүрүүдө В. Дильтейдин гуманитардык илимдерди түшүнүүгө негиздеген герменевтикалык мамилеси [5], М. М. Бахтиндин диалогизм концепциясы [2], Ю. Хабермастын коммуникативдик аракет жана өз ара түшүнүшүү жөнүндөгү теориясы [17], Л. С. Выготскийдин ой жүгүртүү менен кептин социалдык-маданий байланышы тууралуу жоболору [4], ошондой эле А. А. Леонтьевдин кептик ишмердүүлүк теориясы [12] маанилүү методологиялык таяныч болуп саналат. Бул концепциялар тилди формалдуу белгилер системасы катары гана эмес, адамдын таанып-билүүсүн, социалдык өз ара аракеттенүүсүн жана маани түзүүсүн камсыз кылган ишмердүүлүк катары кароого мүмкүнчүлүк берет.

Изилдөөнүн максаты — кыргыз тилин окутуу методикасындагы гуманитардык парадигманын эволюциясын талдоо жана ага профессор Ж. А. Чымановдун илимий мектебинин салымын илимий негизде ачып берүү.

Кыргыз тилин окутуу методикасынын азыркы өнүгүү баскычы түшүндүрүүчү гана эмес, түшүнүүгө багытталган (герменевтикалык) моделге карай өтүү менен мүнөздөлүүдө. Мындай өзгөрүү «парадигма» түшүнүгүн кайрадан карап чыгуу зарылдыгын жаратты. Парадигма — белгилүү бир мезгилде илимде үстөмдүк кылган дүйнөнү таанып-билүү модели, теориялык-методологиялык багыт, билим берүүнүн максатын жана методдорун аныктаган системалуу түшүнүктөрдүн жыйындысы. «Парадигма» түшүнүгүн илимдин өнүгүшү менен байланышта кеңири негиздеген Томас Кун илимдин өнүгүүсү парадигмалардын алмашуусу аркылуу жүрөт деген көз карашын *The Structure of Scientific Revolutions* эмгегинде баяндаган [4].

Андан ары окутуу процессин парадигмалык өңүттөн кароодо төмөнкү суроолорго көңүл бурулат:

1. Эмне үчүн окутулушу керек? (баалуулук жана максат);
2. Кандай окутулат? (ыкмалар);
3. Ким үчүн жана ким аркылуу окутулат? (инсан маселеси).

Гуманитардык илимдерде парадигмалык мамиле адамды жана анын тажрыйбасын түшүнүүгө багытталган методология менен байланышат. Ушул макалада гуманитардык парадигма тилди социалдык-психологиялык жана маданий феномен, ал эми тил үйрөнүүнү маани түзүүчү жана коммуникативдик ишмердүүлүк катары караган теориялык модель деп түшүндүрүлөт. Мындай интерпретация Дильтейдин түшүнүү методологиясы [5], Бахтиндин диалогизм идеясы [2], Хабермастын коммуникативдик аракет концепциясы [17], Выготскийдин ой жүгүртүү менен кептин өз ара байланышы [4] жана А. А. Леонтьевдин кептик ишмердүүлүк теориясы [12] менен методологиялык жактан шайкеш келет. Аталган теориялар бул жерде кыргыз тилин окутууга түз даяр методика катары эмес, гуманитардык багыттын түшүндүрмө негиздери катары колдонулат.

Илимий мектеп — белгилүү бир окумуштуунун жетекчилиги астында калыптанган теориялык багыт жана анын практикалык уландысы. Мында илимий мектептин жетекчиси илимий багытты аныктоочу, анын мүчөлөрү ошол багытты улантуучулар, ал эми негизги идеялар системалашкан методологиялык негиз катары кызмат кылат. А. И. Владимиров илимий мектепти төмөнкү белгилерге ээ болгон окумуштуулар жамааты катары аныктайт:

1. илимий мектепти түзгөн негиздөөчүнүн болушу;
2. мектепти негиздөөчү тарабынан сунушталган изилдөө программасынын (илимий багыттын) болушу;
3. илимий мектептин ишинде педагогикалык жана изилдөө функцияларынын өз ара байланышта болушу, таанып-билүү менен билим берүү процесстеринин диалектикалык биримдиги жана жалпы илимий салттардын сакталышы;
4. илимий жана педагогикалык ишмердүүлүктүн өзгөчө стилинин болушу, ага адеп-ахлактык маанай, жагымдуу психологиялык климат, белгилүү моралдык нормалар, мектеп мүчөлөрүнүн ортосундагы өзгөчө мамилелер жана коммуникация системасы кирет [2, 14-б.].

Кыргыз тилин окутуу методикасында илимий мектептин белгилерин профессор Ж. А. Чымановдун жетекчилигинде калыптанган изилдөө багытынан да көрүүгө болот. Бирок анын илимий жетекчилиги жана кеңешчилиги астында корголгон диссертациялардын саны боюнча 2025-жылы жарыяланган ачык булактарда айырмачылык бар: Э. Мамбетакунов 1 илим доктору жана 17 илим кандидаты коргогонун көрсөтсө [13], башка биографиялык материалда 1 доктор жана 15 кандидат деп берилет [14].

Кыргыз тилин окутуу методикасынын тарыхый өнүгүүсү бир нече этапты камтыйт жана бул этаптар ар кандай парадигмалардын таасири менен мүнөздөлөт. Гуманитардык парадигма калыптанганга чейин лингвоцентристтик парадигманын алкагындагы грамматикалык-котормолук жана структуралык багыттар негизги орунду ээлеп келген. Бул багыттар өз мезгилинде тилди

үйрөтүүдө белгилүү роль аткарганы менен, тилди баарлашуу каражаты катары өздөштүрүүгө толук мүмкүнчүлүк бере алган эмес.

Грамматикалык-котормолук багыт: Мунун негизги максаты тилдин грамматикалык түзүлүшүн эрежелер аркылуу түшүндүрүү болгон. Окуу процессинде тексттерди которуу, грамматикалык формаларды жаттоо жана аныктамаларды эстеп калуу негизги ыкмалар катары колдонулган. Мындай багытта тил система катары каралып, реалдуу баарлашуу каражаты катары колдонууга жетиштүү көңүл бурулган эмес. Натыйжада студент тилдин грамматикалык түзүлүшүн билгени менен, аны активдүү баарлашууда колдонууда кыйынчылыктарга дуушар болгон.

Структуралык багыт: Бул багытта тил грамматикалык гана эмес, структуралык бирдиктердин системасы катары түшүндүрүлгөн. Фонетика, морфология жана синтаксис тилдин өзүнчө деңгээлдери катары окутулуп, тил анын ички түзүмү аркылуу үйрөтүлгөн. Бул ыкма тилди илимий жактан талдоого багытталган, бирок баарлашуу процесси окутуунун негизги максаты катары каралган эмес. Структуралык багыт студенттин тил билүү деңгээлин баалоодо формалдуу критерийлерге таянып, тилди колдонуу жөндөмүн экинчи орунга койгон.

Педагогикалык практикада бул эки багыт окутуу процессин көбүнчө теориялык мүнөзгө буруп, тилди реалдуу коммуникативдик кырдаалдарда колдонууга жетиштүү көңүл бурган эмес. Мындай жагдай тил үйрөнүүнү жандуу процесс эмес, формалдуу окуу иши катары кабыл алуу коркунучун туудурган. Натыйжада студенттин тилди өздөштүрүүсү ар дайым кептик активдүүлүккө алып келген эмес. Тил үйрөнүүдө инсандын ролу жетиштүү деңгээлде эске алынбай, студент пассивдүү кабыл алуучу катары каралган.

Гуманитардык парадигманын пайда болушу дал ушул көйгөйлөргө жооп катары каралат. Адамдын психологиялык, социалдык жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарылдыгы күчөгөн. Тилди окутууда баарлашуу жана инсандын активдүү катышуусу негизги талаптардын бирине айланган. Ошондуктан гуманитардык парадигма мурдагы багыттарды толук четке какпастан, аларды жаңы методологиялык негизде кайра карап чыккан. Мындай трансформация кыргыз тилин окутуу методикасынын сапаттык жактан өзгөрүшүнө шарт түзгөн.

Кыргыз тилин окутууда гуманитардык парадигма калыптангандан кийин тил билим берүүнүн объектиси катары гана эмес, адамдын социалдык жана маданий өз ара аракеттенүүсүнүн негизги каражаты катары карала баштаган. Бул багыт окутуу процессинде адам факторунун ролун күчөтүп, тил үйрөнүүнү инсандык өнүгүүнүн жана коомдук интеграциянын маанилүү бөлүгү катары кароого багыт алган. Тилдин табиятына кылдат мамиле жасоо, тилди адамга мүнөздүү психикалык жана руханий жөндөмдүүлүктөр менен байланышта талдоо, ой жүгүртүү системасынын спецификалык мыйзамдарын ачуу — азыркы кыргыз тил илиминин негизги принциптери болууга тийиш [3]. Ошентип, гуманитардык парадигма тилди окутуунун максатын өзгөртүп, «инсанды окутуу» идеясына басым жасаган.

Гуманитардык парадигманын негизги принциптери төмөнкүдөй багыттарды камтыйт:

1. Инсанга багытталгандык принциби тил үйрөнүүнүн борборунда адам турушу керек деген көз карашка таянат. Бул принцип боюнча тил жөн гана илимий предмет эмес, инсандык өзүн-өзү таануунун жана коом менен байланыш түзүүнүн каражаты болуп эсептелет. Инсанга багытталган окутууда студенттин кызыгуусу, муктаждыгы, тажрыйбасы жана психологиялык өзгөчөлүгү эске алынып, окуу материалы анын реалдуу жашоо тажрыйбасы менен байланышта берилет. Бул өз кезегинде мотивациянын жогорулашына жана тилди активдүү колдонууга болгон талаптын пайда болушуна өбөлгө түзөт.

2. Кептик баарлашуу принциби тилди жандуу баарлашуу процессинде колдонуу аркылуу үйрөтүүнү максат кылат. Бул принцип сүйлөшүү, суроо-жооп, пикир алмашуу, ролдук оюндар сыяктуу интерактивдүү ыкмаларды колдонууга өбөлгө түзөт. Тилди үйрөнүүдө грамматикалык эрежелер эмес, коммуникативдик максат биринчи орунга коюлат. Ошентип, тил үйрөнүүнүн натыйжасы — туура сүйлөө гана эмес, белгилүү бир кырдаалда туура баарлашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу [8].

3. Компетенттүүлүккө багыттоо принциби окутуунун максатын билим алуу менен гана чектебестен, жөндөмдөрдү, тажрыйбаны жана жоопкерчиликти калыптандыруу катары түшүндүрөт. Компетенттүүлүк тилди билүүнүн сапатын аныктоочу негизги критерийлердин бири болуп, билим берүү стандарттарында да маанилүү орунду ээлейт. Бул принципке ылайык студенттин тилди реалдуу кырдаалда колдонуу жөндөмү, өз оюн так айтуусу, түшүнгөнүн практикалык иште колдоно алышы бааланат. Натыйжада тилди үйрөнүү теориялык маалыматтарды жаттоо менен чектелбестен, аларды конкреттүү коммуникативдик аракетте колдонууга багытталат. Демек, компетенттүүлүк — бул окуучулардын өздөрү үчүн зарыл деп эсептеген маселелерди өз алдынча чечүү жөндөмү [6].

Гуманитардык парадигманын бул принциптери кыргыз тилин окутуунун мазмунун өзгөртүп, методикалык жаңылануларга жол ачты. Инсанга багытталган мамиле педагогикалык баалуулуктардын өзөгүнө айланды. Кептик баарлашуу тилди үйрөтүүдө негизги талап катары кабыл алынды. Компетенттүүлүккө багыттоо билим берүү системасында окуу натыйжаларын баалоонун маанилүү критерийлеринин бири болуп калды. Мындай тенденциялар методиканын ички логикасын өзгөртүп, окутуу процессинин жандуу, натыйжалуу жана социалдык маанилүү болушуна өбөлгө түздү.

Ошентип, гуманитардык парадигма кыргыз тилин окутуу методикасына жаңы мазмун, жаңы багыт жана жаңы методологиялык негиз алып келип, тилди окутуунун сапаттык жактан өзгөрүшүнө шарт түздү.

Кыргыз тилин окутуу методикасында гуманитардык багыттын калыптанышы туш келди процесстин натыйжасы болгон эмес. Бул өзгөрүүгө системалуу илимий көз караш, методикалык реформага болгон муктаждык жана жаңы педагогикалык реалдуулукту түшүнүүгө багытталган илимпоздордун изденүүлөрү өбөлгө түзгөн. Ошол изденүүлөрдүн алкагында профессор Жеңишбек Арыпович Чыманов кыргыз тилин окутууда гуманитардык парадигманын негизги багыттарын иштеп чыгып, аны методикадагы өз алдынча илимий мектеп катары калыптандырууга салым кошкон.

Профессор Ж. А. Чымановдун эмгектеринде тил — адамдын тажрыйбасына таянган баарлашуунун каражаты, инсандын социалдык интеграциясынын негизи жана компетенттүүлүктү калыптандыруунун таасирдүү механизми катары каралган. Ал тилди үйрөтүүдө грамматикалык жана структуралык маалыматтын маанисин четке какпастан, аларды жандуу окуу чөйрөсүндө жана реалдуу кептик кырдаалдарда колдонуу зарылдыгын белгилеген. Мындай мамиле кыргыз тилин окутуу методикасында сапаттык өзгөрүүгө шарт түзүп, тилди окуу предмети катары гана эмес, инсандын интеллектуалдык жана маданий дүйнөсүн калыптандыруучу фактор катары кароого багытталган.

Окумуштуунун илимий мектеби тилди үйрөтүүнүн мазмунун өзгөртүп, методикалык иштин борборуна текст менен иштөө, кептик баарлашуу жана компетенттүүлүккө негизделген окутуу концепцияларын алып чыккан. Ар бирине токтоло кетели.

1. Текст менен иштөөнү борбордук методикалык категория катары кароо. Тилди үйрөтүүдө текст жөнөкөй материал эмес, тилдик ой жүгүртүүнүн жана реалдуу коммуникациянын өзөгү болуп саналат. Ошондуктан текст менен иштөө — анализ, синтез, трансформация, маани түзүү жана баалоо кадамдарын камтыган комплекстүү процесс катары түшүндүрүлгөн. Бул мамиле тилди бир нерсени түшүнүүнүн гана эмес, жаңы маани түзүүнүн да инструменти катары кабылдоого жол ачкан [10].

2. Кептик баарлашууну окутуунун максаты катары белгилөө. Профессор тилди үйрөнгөн адам жөн гана эрежелерди билбестен, кептик кырдаалда өз оюн билдире алган инсан болушу керек деген тыянакка келген. Баарлашууга багытталган окутуу стратегияларынын ичинде диалогдук практикаларды, ролдук моделдерди, коммуникативдик тапшырмаларды жана интерактивдүү окуу формаларын колдонууну сунуштаган. Бул ыкмалар тилди жандуу процесс катары кабыл алууга өбөлгө түзгөн.

3. Компетенттүүлүк түшүнүгүн методикалык системага киргизүү. Кыргыз билим берүү системасы акыркы жылдары компетенттүүлүк моделине өтүү процессин баштаганда, окумуштуу бул багытты тил үйрөтүүнүн мазмуну менен байланыштырууну сунуштаган. Компетенттүүлүк — билим жана жөндөмдүн жыйынтыгы гана эмес, адамдын жоопкерчиликтүү иш-аракетине алып келген сапаттуу тажрыйба катары түшүндүрүлгөн. Ж. Чыманов белгилегендей, кыргыз тилин окутуу,

жалпысынан билим берүү процессинде окутуу компетенттүүлүк принциптерине негизделиши керек [9]. Тилдик компетенттүүлүк болсо — тилди билүү гана эмес, аны конкреттүү социалдык кырдаалда туура колдоно билүү жөндөмү.

4. Инсанга багытталган окутуунун методикалык механизмдерин иштеп чыгуу. Студенттин жеке тажрыйбасы, социалдык чөйрөсү жана психологиялык өзгөчөлүгү негизги окуу факторлору болуп саналат. Андыктан окуу процесси жандуу диалогго негизделип, студент пассивдүү кабыл алуучу эмес, билимди өздөштүрүүгө активдүү катышуучу болушу керек. Мындай мамиле окутууну индивидуалдаштырууга шарт түзүп, кыргыз тилин окутуу методикасынын практикалык дараметин кеңейткен.

Бул идеялар студентке тилди үйрөтүү менен гана чектелбестен, аны тил аркылуу өз оюн билдирүүчү жана коомдук мамилелерге катышуучу инсан катары таанууга мүмкүнчүлүк берген. Ошентип, гуманитардык парадигманын методикалык негизи жеке автордук идея болбостон, толук методологиялык система катары калыптанган.

Профессор Ж. А. Чымановдун методикалык идеяларынын практикалык уландысын анын жетекчилигинде аткарылган конкреттүү диссертациялык изилдөөлөр аркылуу негиздөөгө болот. З. Ж. Каразакованын «ЖОЖдордо кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетенцияларын өнүктүрүүдө текст менен иштөөнүн методикасы» аттуу диссертациясында (илимий жетекчи — Ж. А. Чыманов) текст менен иштөөнүн методикасы иштелип чыгып, анын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилген. Автореферatta практикалык сунуштар, текст менен иштөөнүн үлгүлөрү, тапшырмалар системасы жана сабактын моделдери сунушталганы көрсөтүлөт [8].

М. А. Кашкариеванын «Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары» аттуу диссертациясында да (илимий жетекчи — Ж. А. Чыманов) коммуникативдик компетенттүүлүккө негизделген окутуу технологияларын иштеп чыгуу, алардын жыйынтыктарын эксперименттик текшерүүдөн өткөрүү жана практикага сунуш кылуу изилдөөнүн максаты катары коюлган. Диссертациялык материалдарда сунушталган ыкмалар менен каражаттардын педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилгени көрсөтүлөт [9].

Бул эмгектер Чымановдун илимий жетекчилигиндеги изилдөөлөрдө текстке негизделген, коммуникативдик жана компетенттүүлүккө багытталган окутуунун практикалык моделдери өз алдынча изилдөө предметине айланганын көрсөтөт [8; 9]. Ошондуктан илимий мектептин практикалык багытын «жаңы тапшырмалар түзүлгөн» же «методикалык структуралар сунушталган» деген жалпыланган билдирүүлөр менен эмес, конкреттүү диссертациялардын максаты, методдору жана апробацияланган натыйжалары аркылуу мүнөздөө илимий жактан негиздүү.

Профессор Ж. А. Чымановдун билим берүү системасындагы институционалдык ордун кеңири «таасир» түшүнүгү менен гана эмес, конкреттүү документтерди иштеп чыгууга катышуусу аркылуу так көрсөтүүгө болот. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5–11-класстары үчүн кыргыз тилин эне тил катары окутуунун 2022-жылкы предметтик стандартында Ж. А. Чыманов түзүүчүлөрдүн бири катары көрсөтүлгөн. Стандартта предметтин концепциясы, окутуунун методологиясы, компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар белгиленип, тилдик, кептик жана этномаданий компетенттүүлүктөр предметтик натыйжалардын маанилүү бөлүгү катары каралат [11]. Бул факт окумуштуунун белгилүү бир нормативдик-методикалык документти түзүүгө түз катышканын документтик деңгээлде ырастайт.

Педагогикалык жана филологиялык кадрларды даярдоо контекстинде Ж. А. Чымановдун эмгектеринин колдонулушу да документтештирилет. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 531000 «Филология» багыты боюнча 2025-жылы жарыяланган негизги билим берүү программасында анын бир топ эмгеги негизги адабияттардын катарында көрсөтүлгөн [6]. Бул факт Чымановдун методикалык мурасы жогорку кесиптик филологиялык даярдыкта актуалдуу окуу-теориялык ресурс катары колдонулуп жатканын көрсөтөт.

Учурдагы окутуунун инновациялык формалары — интерактивдүү методдор, проблемалык окутуу, долбоордук иш, ролдук оюндар жана санариптик технологияларды колдонуу — Чымановдун идеялары менен тыгыз байланышта. Интерактивдүү окутууда студенттер бири-бири менен пикир алмашып, тилдик кырдаалды моделдешет. Санариптик технологиялар, онлайн платформалар жана мультимедиалык материалдар студенттин текст менен өз алдынча жана топтук иштөөсүнө шарт түзөт [1; 5]. Натыйжада тилди үйрөнүү процессинде компетенттүүлүккө багытталган диалогдук жана чыгармачылык иштер активдешет, бул Чыманов сунуштаган гуманитардык принциптерди заманбап чөйрөгө интеграциялоону камсыз кылат.

Методикалык көйгөйлөрдү чечүүдө профессордун сунуштары азыркы практикада актуалдуу бойдон калууда. Маселен, тилди үйрөнүүдө студенттин активдүү катышуусун камсыз кылуу, баарлашууну моделдөө жана компетенттүүлүктү системалуу өнүктүрүү методикалык иштердин негизги багыттарына айланган. Ошондой эле инновациялык мамилелер жана санариптик чөйрөдөгү окуу ресурстары Чымановдун идеялары менен айкалышта колдонулганда, студенттин жеке тажрыйбасын эске алууга жана коомдук активдүүлүгүн өнүктүрүүгө шарт түзүлөт. Бул гуманитардык парадигманын актуалдуулугун жана практикалык маанисин көрсөтөт.

Ошентип, профессор Ж. А. Чымановдун илимий мектебинин кыргыз тилин окутуу методикасына кошкон салымын үч деңгээлде негиздөөгө болот: биринчиден, анын теориялык-методикалык эмгектери аркылуу [18–21]; экинчиден, илимий жетекчилигинде аткарылып, педагогикалык экспериментти камтыган колдонмо диссертациялык изилдөөлөр аркылуу [8; 9]; үчүнчүдөн, предметтик стандарттарды иштеп чыгууга түз катышуусу жана анын эмгектеринин жогорку кесиптик билим берүү программаларында колдонулушу аркылуу [6; 11]. Мындай бөлүштүрүү теориялык идея, практикалык апробация жана институционалдык колдонуу деңгээлдерин аралаштырбай талдоого мүмкүнчүлүк берет.

Жыйынтыктап айтканда, гуманитардык парадигма жана профессор Чымановдун идеялары азыркы педагогикалык практикада актуалдуу бойдон калууда. Алар тилди үйрөнүүнү активдүү, интерактивдүү жана компетенттүүлүккө багытталган процесс катары караган жаңы сапаттык стандарттарды түзүүгө өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Абдрахманова, Г. Ш. Совершенствование самостоятельной работы студентов на базе использования информационных и коммуникационных технологий / Г. Ш. Абдрахманова, М. К. Чулуева // Вестник Кыргызского национального университета имени Жусупа Баласагына. – 2024. – № 1(117). – С. 64–71. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-64-71. – EDN JKZOBX.

2. Бахтин, М. М. Проблемы поэтики Достоевского. – 4-е изд. – М. : Советская Россия, 1979. – 318 с.

3. Владимиров, А. И. О научных и научно-педагогических школах. – М. : ООО «Издательский дом Недра», 2013. – 61 с.

4. Выготский, Л. С. Мышление и речь. – 5-е изд., испр. – М. : Лабиринт, 1999. – 352 с. – ISBN 5-87604-097-5.

5. Дильтей, В. Собрание сочинений : в 6 т. Т. 1 : Введение в науки о духе: опыт полагания основ для изучения общества и истории / пер. с нем. под ред. В. С. Малахова ; под общ. ред. А. В. Михайлова, Н. С. Плотникова. – М. : Дом интеллектуальной книги, 2000. – 762 с. – ISBN 5-7333-0237-2.

6. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети. 531000 «Филология» (бакалавриат) боюнча негизги билим берүү программасы. – Бишкек, 2025. – URL: https://www.knu.kg/ky/ru/archives/13160 (кайрылган күнү: 08.09.2026).

7. Исраилова, Д. А. Лингвомаданий код түшүнүгү жана тил менен маданияттын байланышы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – № 10. – С. 230–233. – DOI 10.26104/NNTIK.2023.33.82.057. – EDN SQLNCE.

8. Каразакова, З. Ж. ЖОЖдордо кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетенцияларын өнүктүрүүдө текст менен иштөөнүн методикасы : педагогика

илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферати : 13.00.02 / илимий жетекчи Ж. А. Чыманов. – Бишкек, 2018. – URL: https://stepen.vak.kg/wp-content/uploads/2022/04/Karazakova-Z.ZH_.-Avtoreferat-1.pdf (кайрылган күнү: 08.09.2026).
9. Кашкариева, М. А. Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары : педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферати : 13.00.02 / илимий жетекчи Ж. А. Чыманов. – Ош, 2024. – URL: https://stepen.vak.kg/wp-content/uploads/2024/02/Avtoreferat-44-1.pdf (кайрылган күнү: 08.09.2026).
10.Кун, Т. Структура научных революций / пер. с англ. И. З. Налётова // Центр гуманитарных технологий. – 2011. – 12 марта. – URL: https://gtmarket.ru/library/basis/3811 (дата обращения: 08.09.2026).
11.Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5–11-класстары үчүн кыргыз тилин эне тил катары окутуунун предметтик стандарты / түз.: С. К. Рысбаев, Ж. А. Чыманов, В. И. Мусаева ж. б. – Бишкек, 2022. – 71 б. – URL: https://edu.gov.kg/legislations/30/ (кайрылган күнү: 08.09.2026).
12.Леонтьев, А. А. Язык, речь, речевая деятельность. – М. : Просвещение, 1969. – 214 с.
13.Мамбетакунов, Э. Учурдагы кыргыз педагогикасынын дулдулдары // Кутбилим. – 2025. – 16-июнь. – URL: https://kutbilim.kg/news/inner/uchurdagy-kyrgyz-pedagogikasynyn-dulduldary/ (кайрылган күнү: 08.09.2026).
14.Мурзаев, Н. Кыргыз тилин окутуунун чыныгы күйөрманы / Н. Мурзаев, Ш. Мөндөшев // Кутбилим. – 2025. – 30-сентябрь. – URL: https://kutbilim.kg/analytics/inner/kyrgyz-tilin-okutuunun-chynygy-k-y-rmany/ (кайрылган күнү: 08.09.2026).
15.Студенттердин өз алдынча ишин уюштурууда мультимедиялык технологияларды пайдалануунун натыйжалуулугу / Р. Т. Абылкасымова, Ж. Ш. Узекеева, Ж. Ж. Казакбаева, М. К. Байгутуева // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – № 3(119). – Б. 4–7. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-4-7. – EDN WMYLSE.
16.Тыныстанова, Н. А. Роль основных компетенций в образовании обучающихся // Научное обозрение. Педагогические науки. – 2025. – № 2. – С. 50–54. – DOI 10.17513/srps.2571. – EDN SKXZMW.
17.Хабермас, Ю. Моральное сознание и коммуникативное действие / пер. с нем. ; под ред. Д. В. Скляднева. – 2-е изд., стер. – СПб. : Наука, 2006. – 377, [2] с. – ISBN 5-02-026926-3.
18.Чыманов, Ж. А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы : монография. – Бишкек : Турар, 2009. – 487 б. – ISBN 978-9967-421-92-9.
19.Чыманов, Ж. А. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек : Кут-Бер, 2015. – 320 б. – ISBN 978-9967-27-905-6.
20.Чыманов, Ж. А. О культуроведческой компетентности учителя кыргызского языка / Ж. А. Чыманов, Г. М. Черикчиева // Международный журнал экспериментального образования. – 2017. – № 3-1. – С. 34–38. – EDN YFUHSP.
21.Чыманов, Ж. А. Тилдик компетенция – тилдин бардык байлыктарын толугу менен пайдалануунун жөндөмдүүлүгү // Современные проблемы социально-гуманитарных наук. – 2016. – № 3(5). – С. 50–53. – EDN WFRIEX.

Рецензент: пеадгогика илимдеринин кандидаты, доцент Сарылбекова З.